**18.11.2022-жыл                    Токтом.**

**Ак-Суу районуна караштуу Д.Бейшенов атындагы жалпы орто билим беруу мектеби.**

**Катышкандар:**

Ак-Суу райондук прокурордун жардамчысы У.Осмонов

Ак-Суу РИИБдин КККнын БИИнин УИси милициянын капитаны Ж.Усубакунов

Д.Бейшенов атындагы орто мектебинин соц педагогу Жолдошева Г.

Д.Бейшенов атындагы орто мектебинин тарбия завучу Джортучиева З.А.

Окуучулар: 7-11-класстын окуучулары

**Каралуучу маселелер:**

1.Мектептеги зордук зомбулукту алдын алуу.

2. Ар кандай маселелер.

1-маселе боюнча сөз Д.Бейшенов атындагы орто мектебинин соц педагогу Жолдошева Гга берилди.

Угулду:Саламатсыздарбы, урматтуу бүгүнкү чогулуштун катышуучулары.Биздин мектепте рэкетчиликке,кылмыштуулук,зордук зомбулуктун алдын алуу боюнча атайын иш чаралар өтүлүп турат.Мисалга алсак рэкетчиликке ,зордук зомбулуктун алдын алуу максатында жылдык план түзүлүп,анын негизинде иш алып баруудабыз.

Кийинки сөз Ак-Суу прокурордун жардамчысы У.Осмоновго берилди.

Угулду:Саламатсыңарбы,урматтуу чогулуштун катышуучулары.Биздин мектептерге келип кездешүүлөрдү өткөрүп жүргөнүбүздүн себептери зордук зомбулукту алдын алуу максатында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.Жаш өспүрүм балдар бири бирин азгырып кичинекей кылмышка барбай токтолук менен маселе чечкенди Үйрөнгүлө.Кичинекей кылмыштын артында чоң болоорун унутпагыла,жаман ишке барбай жакшы жагынан атыңарды чыгарган айылды астыга сүйрөгөн кыргыздын уул кыздары болушууңарга тилектешмин жана силерге ишенебиз.

Азыркы оор учурда ата энелериңерди аяп аларга жардам берип ыймандуу болуп өскүлө.

Кечкисин үйүңөрдөн чыкпагыла, түнкү рейд жүрүп жатат аларга кармалсаңар ата энеңер айып пул төлөп калышат.

Жыйынтыктап жатып мектеп директору Т.Дуйшембиева зордук зомбулуксуз жаркын келечекте жашайлы деп чогулуштун катышуучуларына ыраазычылык билдирип кетти.

Чечим:

1.Кылмыштуулуктун алдын алуу жана зордук зомбулукту токтоту иштери улантылып мектеп администрациясы жана ИДН менен биргелишкен иш пландын негизинде алып барылсын.

2.Окуучуларды көзөмөлгө алуу мектептен кийинки убакытта ата энелерге милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Дуйшембиева Т.Б